**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим беруу орто мектебинин соц.педагогдун 2018-2019-окуу жылындагы жылдык отчету.**

2018-2019-окуу жылына карата жылдык,айлык пландар түзүлүп,

мектепте "Укук бузуулардын алдын алуу" боюнча мектеп кеңешинин тобу,мектеп парламенти түзүлдү.

Мектепте 1-11-класстардын класс жетекчилери менен биргеликте социалдык паспорту түзүлүп,окуучулардын үй-бүлөлүк абалы аныкталды.

Жыл башында – 785

Жыл аягында --778

| № | Үй-бүлөдөгү социалдык абалы | 2018-окуу жылы | 2019-окуу жылы |
|---|---|---|---|
| 1 | Тоголок жетим | 0 | 0 |
| 2 | Жарым жетим | 34 | 34 |
| 3 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр | 42 | 43 |
| 4 | Көп балалуу үй-бүлөлөр | 43 | 43 |
| 5 | Ата-энеси мигарант үй-бүлөлөрдүн балдары | 67 | 67 |
| 6 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар | 0 | 0 |
| 7 | Мыйзамы менен чатагы бар окуучулар | 0 | 0 |
| 8 | ИДН дин утчётунда турган окуучулар | 0 | 0 |
| 9 | Мектептин утчётунда турган окуучулар | 2 | 2 |
| 10 | Микроучастокто жашаган бирок окубаган окуучулар | 0 | 0 |
| 11 | Мүмкүнчүглүгү чектелген үйдө окутулган окуучулар | 5 | 5 |
| 12 | Мектепте окуган мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 5 | 5 |
| 13 | Ата-энеси инвалид окуучулар | 6 | 5 |
| 14 | Ата-энеси Чернобыль авариясына катышкан окуучулар | 0 | 0 |
| 15 | Ата-энеси Афганистандагы аскердик кыймылга катышкан окуучулар | 2 | 2 |
| 16 | Ата-энеси Баткен окуясына атышкан окуучулар | 0 | 0 |
| 17 | Ата-энеси Апрель окуясына катышкан | 0 | 0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуучулар | | |
| 18 | Кароосуз калган окуучулар | 0 | 0 |
| 19 | Эмгектин эң начар формасына тартылган окуучулар | 0 | 0 |
| 20 | Өгөй ата-энелер менен жашаган окуучулар | 17 | 17 |

ИДН кызматкерлери менен биргеликте учётко катталбаган окуучулар такталды.Ички жана сырткы мигрант окуучулардын опекундары аныкталып,инвалид,мектеп ичинде окутулуп жаткан инвалидтер жөндөмдүүлүгүнө жараша ийримдерге тартылды. Ар айда мектептен качкан жана сабактан көп калган,сабактардан жетишпеген окуучулар менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп турду.Мектепке жаңы келген жана 5-класстардын окуучуларынан "Сенин жашооң кандай өтүп жатат?"деген темада анкеталар алынды.1-11-класстардын класс жетекчилери үй-шарттары начар жана сабактардан жетишпенген окуучулардын үйлөрүнө барып,үй-шарттары менен таанышып келишти.Мектеп ичинде мечиттерге барган жана жолук салынган окуучулар такталып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Окуучулар арасында 9-11-класстарга укуктар тууралуу конвенция менен таанышуу боюнча тегерек стол өткөрүлдү."Рекэтчиликке каршы күрөшүү" теманын үстүндө класстык саатар жана анкеталар алынды."Балдарга карата зордук замбулуктун алдын алуу" максатында 5-11-класстардын ата-энелери россияга кеткен окуучулар менен тегерек стол уюштурулду.Ата-эненин опекундардын балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү максатында,мигранттардын үйлөрүнө рейддер уюштурулуп,аңгемелешүүлөр болду."Тарбиясы оор балдардын ата-энелери менен "Үй-бүлөөлүк админстративдик жана жоопко тартуу кодекстери менен тааныштыруу" сабактан качса,себепсиз келбей койсо,тартип бузса кандай чарчалар көрүлөөрү түшүндүрүлдү."Сиз баланызды канчалык деңгээледе биле аласыз?" деген темада класс жетекчилер ата-энелер чогулушун өткөрүп, анкеталардын алышты.Мектепете 6-11-класстарга "Балдардын укуктары жана милдеттери" деген темада жыйын уюштурулду."Кыз жигиттин ортосундагы мамилелердин маданияттуулугун сактоого" багыт берүүчү кыздар жыйындары уюштурулду.ИДН кызматкерлери менен биргеликте "Укук бузуулардын алдын алуу" боюнча рейдтер өткөрүлдү."Менин милициям мени сактайт" темасында класстык саатар өкөрүлдү. 8-11-класстарга "Суицид" боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, "Сен жашоону кандай кабылдыйсын?" деген темада анкеталар алынды.Окуучуларга өспүрүмдүн ден соолугу,тамеки чегүү,наркотикалык заттардан алыс болуу максатында "Ден соолук өмүр булагы" деген темада 9-11-класстар арасында спорттук мелдеш уюштурулду.Мугалимдин окуучуларга болгон гумандуу мамилесин өнүктүрүү боюнча тегерек стол уюштурулду."Кичинекей окуучу жолдо" 1-4-класстар арасында класс жетексилер ата-энелер жыйындары уюштурулду.Инклюзив окуучулардын ден соолугу боюнча ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү."Кылмыштуулуктун алдын алуу" максатында ИДН дин жана мектептин каттоосунда турган окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүүлөр өз убагында жүргүзүлөт.Конфликтик кырдаал түзгөн класстар менен "Зордук зомбулуксуз мектеп" деген темада семинар өтүлдү. "Сенин жакын досун ким?" деген тема боюнча 6-8-класстардан анкеталар алынды.Мектепте 5-8-класстардын

ата-энелерине "Балдарга карата ырайымсыз мамиленин алдын алуу" боюнча жыйын өткөрүлдү. 9-11-класстардын ата-энелерине "Коррупциянын алдын алуу" жана "Акыркы коңгуроо аземин өткөрүүдөгү коопсуздуктарды сактоо" боюнча жыйын уюштурулду.Каникул мезгилинде ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилигин күчөтүү масатында "Суудагы коопсуздук", "Өрт кырсыктарынан сак бололу" темаларында класс жетекчилер түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.

Соц.педагог Ш.К.Сооронбаева